«Бекитемин»
БжМ» факультетинин
деканы, э.и.к., доцент
Исраилов Т.М.
______________________
«_ ___»_________ 2023-жыл

«Макулдашылды»
Декандын тарбия иштери
боюнча орун басары
Оморов Ш.О.
______________________
«____»________2023-жыл

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТИРЛИГИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**БИЗНЕС ЖАНА МЕНЕДЖМЕНТ ФАКУЛЬТЕТИ**

# Кураторудук портфолио

**Тайпанын аталышы:** ____________________________

**Куратор:** ________________________________________

Ош шаары

2023-2024

“Куратордук портфолио” деп аталган бул колдонмо окуу жайда бирдиктүү тарбия саясатын ишке ашыруу жана тарбия ишин жакшыртуу максатын көздөйт.

Колдонмо ”ОшМУдагы студенттик тайпанын куратору жөнүндөгү жобо” деп аталган документке ылайык куратордук иштерди уюштурууну жана жүргүзүүнү камсыздоочу жана ишке ашыруучу негизги инструмент катары колдонууга сунушталат.

Колдонмо 2021-жылы Ош мамлекеттик университетинин тарбия департаментинин директору Бөжөнөв З.С. тарабынан иштелип чыккан Куратордук журнал деген документке негизделип жазылды. 2021-жылдын 15-ноябрында ОшМУнун административдик кеңешмесинде бекитилди.

Куратордук портфолио Ош мамлекеттик университетинин академиялык тайпаларында куратордун студенттер менен тарбиялык иштерди жүргүзгөндүгүн чагылдыруучу негизги документтердин топтому болуп саналат. Куратордук портфолио өз мазмунунда тайпадагы ар бир студенттин өздүк портфолиосун камтып, студенттин жеке жетишкендиктерине, окуу ишмердигинин жыйынтыктарына мониторинг жасоого жардам берүүчү курал катары колдонулат. Куратордук портфолио тиешелүү кафедраларда сакталат. Жыл ичинде куратор жана студенттер портфолиосун толуктап турушат.

“Куратордук портфолио” деп аталган бул нускамада Ош мамлекеттик университетинин академиялык тайпаларында куратордук ишти уюштуруу жана жүргүзүү, сабактан сырткаркы жана тарбия иштерин уюштурууга байланыштуу нормативдик жобо, көрсөтмө, иш пландар, куратордун милдеттери, укуктары жана ошондой эле иш чараларды өткөрүүнүн жобо эрежелери көрсөтүлгөн.

# ОшМУдагы студенттик тайпанын куратору жөнүндөгү жобо

(2008-жылдын 13-октябрында ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин №2 жыйынында бекитилген жобо кайрадан каралып, өзгөртүүлөр жана толуктоолор кийирилип, 2020-жылдын 29-декабрында ОшМУнун ректору тарабынан бекитилген)

Бул документ Ош мамлекеттик университетинин академиялык тайпаларында кураторлук иштерди уюштуруу жана жүргүзүү тартибин аныктап турат. Жобо КРнын ”Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, ОшМУнун уставынын ж.б. нормативдик документтерге негизделип жазылган.

## 1. Жалпы жобо

**Куратор - маалымат берүүчү.** Негизги милдеттеринин бири – университетте болгон маалыматты (жаңылыктар, буйруктар, эрежелер, жоболор ж. б.) тайпанын студенттерине өз убагында жеткирип туруу.

**Куратор - уюштуруучу.** Тайпанын бардык иш-аракеттерин уюштурат: окуу жайдын иш чараларына тайпаны катыштыруу, маданий эс алуулар (театр, кино, кечелер) жана тайпада пайда болгон конфликттерди чечүү жоопкерчилиги да моюнуна жүктөлөт.

**Куратор - психотерапевт.** Студенттин көйгөйлөрүн жүрөгү менен кабыл алып, алардын жан дүйнө сырларын угуп, туура кеңеш берүүгө аракет кылат. Студентти психологиялык жактан көтөрмөлөп, оптимисттик маанай жаратып, турмушта активдуу жашоого дух берет.

**Куратор - ата-эне.** Студентгердин ата-энеси, туугандары алыста болгондугуна байланыштуу аларды сабакта жана сабактан сырткаркы аракеттерин байкоого алып көзөмөл жасайт, талап коет. Студентке ата-энесинен кем эмес күйүп-бышат.

**Куратор - жолдош.** Тайпадагы студенттердин эмне менен жашап жатканына кызыгып, ар кандай жагдайларда тайпа менен бирге болот. Куратор студенттер менен сырдаш болуусу кажет. Студенттер кураторду тайпанын бир мүчөсү катары кабыл алып калышы керек.

**Куратор - көзөмөлдөөчү.** Университеттеги, факультеттеги студенттерге жакындан көзөмөл жасай турган адам - куратор. Лекторлор, окутуучулар сабагын өтүп, журналга баа коюп кете берет. Бирок студенттердин сабакка келген келбегенин, кандай окуп жаткандыгын көзөмөлдөп, жыйынтык чыгарып туруучу университеттин өкүлү - бул куратор. Ошондуктан ал

студенттин сабакка катышуусун, жетишүүсүн жана журум-турумун дайым көзөмөлгө алып турат.

**Куратор - тьютор.** Тьютор бул студенттин кызыгуусун, өнүгүү багытын изилдеген жана анын өнүгүүсүнө шарт түзгөн адис.

Студент жаштарды тарбиялоо — ЖОЖдун ар бир окутуучусунун кесиптик милдети жана коом алдындагы инсандык парзы. Студенттик тайпада жүргүзгөн куратордун иши окутуучунун педагогикалык ишмердүүлүгүнүн составдык бөлүгү болуп эсептелет. Университетте билим алуу менен кошо тарбиянын түрдүү багыттары боюнча студенттерди инсандык калыптандыруу процесси жүрөт.

Ар бир студенттин университеттеги кеңешчиси, жакын адамы — бул куратор. Кураторлук жумуш студенттердин сабактарга катышуу жана жетишүү көрсөткүчтөрүн жогорулатат.

Ошондой эле куратор академиялык тайпадагы ар бир студентке тьютордук колдоону уюштурат. Тьютор бул студенттин кызыгуусун, өнүгүү багытын изилдеген жана анын өнүгүүсүнө шарт түзгөн адис. Студент индивидуалдык окуу траекториясын тьютор менен биргеликте аныктайт. Куратор тьютордук колдоону уюштурууда студенттин сабактарды жана окутуучуларды адекваттуу тандоого жетишүүсүн камсыздайт.

Кураторлук саат тайпадагы студенттерди үзгүлтүксүз тарбиялоонун негизги каражаты катары эсептелинет. Тайпадагы студенттердин күнүмдүк билим алууга болгон мамилеси, тартиби кураторлук саатта жумасына бир жолу жыйынтыкталып, көзөмөлдөнүп турат. Натыйжада студенттердин билим алууга болгон жоопкерчилиги күчөп, андан ары пландуу өнүгүүгө кадам шталат.

1. Университеттик администрациянын студенттик тайпадагы ыйгарым укуктуу өкүлү болуп куратор эсептелет. Ал кафедра башчысынын макулдугу аркылуу факультеттин деканы тарабынан дайындалып, университеттин ректорунун буйругунун негизинде бекитилет;
2. Кураторлук жумуш кафедрадагы окуу-тарбия иштеринин бир бөлүгү болуп эсептелет жана окутуучу тарабынан жекече иш план түзүлүп, ага жоопкерчиликтуу мамиле жасалат;
3. Куратор окуу жылынын башында, 1-курстан баштап билим алуунун мөөнөтү аяктаганга чейин студенттик тайпага бекитилет;
4. Кураторлук жумуштун бир бөлүгү катары кураторлук саат эсептелет. Ал факультеттин окуу жадыбалына жуманын алгачкы күндөрүнө бир академиялык саат узактыгында коюлуу аркылуу жумасына бир жолу студенттик тайпада өткөрүлөт;

5. Декандын тарбия иштери богонча орун басары кураторлордун ишмердүүлүгүн координациялайт, көзөмөлдөйт жана жетектейт;
6. Кафедрадагы окутуучунун кураторлук ишмердүүлүгүн уюштуруу жана ага көзөмөл жүргүзүү кафедра башчысы тарабынан ишке ашат;
7. Куратор өз ишин деканаттын макулдугу жана кафедранын бекитүүсүнөн өткөн атайын иш планга ылайык жүргүзөт;
8. Университет, факультет жана кафедра алдында тайпадагы студенттердин тарбиясына, окуу-тартибине болгон жоопкерчиликти куратор өз мойнуна алат. Куратордун отчету ар бир семестрдин аягында кафедранын
9. жыйынында декандын тарбия иштери боюнча орун басарынын катышуусу менен угулат;
10. Куратор студенттик тайпага жыл бою жүргүзгөн тарбиялык иштерин куратордун портфолиосуна чогултууга тийиш.
11. Кураторлук сааттарда өткөрүлгөн темалар жана өтүлгөн күнү, сааты тайпалык журналга катталышы керек;
12. Кураторлорго деканат жана ректорат тарабынан дем берүүчү иш чаралар, т.а., конкурстар, сыйлыктар уюштурулуп турат.

## 2. Куратордун милдеттери

1. Университеттин тарбия иштери боюнча окуу жылынын комплекстүү иш планына жана факультеттин тарбиялык иш чараларынын планына ылайык: окуу жылына, семестрге, айга, жумага иш план түзүү жана бекиттирүү;
2. Студенттик тайпанын окуудагы жана окуудан сырткаркы ишмердүүлүктөрүнө жыл бою көңүл бөлүү. Жумасына бир жолу кураторлук
3. саат өтүү;
4. Тайпанын активдерин (староста, профорг, сектор башчылары) демократиялык негизде дайындоо;
5. Тайпанын активдери менен тыгыз байланышта болуу жана аларды өз алдынчалыкка үйрөтүү;
6. Тайпанын индивидуалдык өзгөчөлүктөрүн иликтөө: студенттердин жатаканалардагы, үйлөрүндөгү турмуштук-жашоо шарттарын, алардын социалдык абалын, кызыгууларын, журум-турумун, бош убактысын эмне менен өткөзөөрүн билүү;
7. Студенттердин сабактарга катышуусун жана жетишүүсүн үзгүлтүксүз көзөмөл кылуу;
8. Сабактарга катышуусу жана жетишүүсү начар студенттердин конкреттүү себептерин аныктоо жана аларга өз убагында усулдук уюштуруучулук жагынан жардам корсөтүп туруу;

9. Студенттердин жогорку окуу жайына ыңгайлашуусуна (адаптацияланиуусуна) жакындан жардам берүү;
10. Тайпанын студенттерин окуу планы, университеттин ички тартип эрежелери, экзамен-зачетторду тапшыруулардын эрежелери, билимди баалоонун рейтинг системасы менен тааныштыруу;
11. Өлкөдөгү, университеттеги жана факультеттеги маанилүү жаңылыктар, буйруктар, мыйзамдар менен тайпанын студенттерин кабардар кылып туруу;
12. Тайпанын студенттерин олимпиадаларга, кароо-сынактарга, спорттук мелдештерге, интеллектуалдык таймаштарга активдүү катыштыруу;
13. Студенттерди илимий-изилдөө иштерине кызыктыруу жана жардам берүү;
14. Окуудан четтетилген студенттерди кечиктирбестен ата-энесине кабарлоо;
15. Тайпадагы ынтымактуулукту, жагымдуу окуп-үйрөнүү, өнүгүү үчүн кызматташтык чөйрөнү түзүүнү камсыз кылуу. Өзүнүн кызыкчылыгы менен жамааттын кызыкчылыгын айкалыштыра алган жамаатчыл инсанды тарбиялоо;
16. Студенттин жүрүм-турумундагы терс көрүнүштөрдү жоюу;
17. Студенттерди өзүн өзү тарбиялоосуна, өзүнүн үстүнөн иштөөсүнө, бош убактысын пайдалуу нерселерге жумшоосуна усулдук жардам көрсөтүү;
18. Студенттердин окуу программаларын өздөштүрүүсү тууралуу окутуучулар менен куратордун педагогикалык кызматташуусу;
19. Студенттерди Мекенин, университетин, кесибин сүйүүгө тарбиялоо;
20. Мамлекеттин, университеттин символдорун (гимн, герб, желегин) урматтоого тарбиялоо;
21. Студенттердин дүйнөгө болгон көз караштарын кеңейтүү максатында кураторлук сааттарда саясий, маданий, экономикалык жаңылыктарды, ар түрдүү тарбиялык багыттагы темалар боюнча аңгемелешүүлүр, талкуулар, докладдарды уюштуруу;
22. Окуу-тарбия процессинде студенттердин кесиптик билим алуусуна приоритеттүү маани берүү, ошону менен бирге аларды маданияттуулукка, интеллигенттүүлүккө тарбиялоо, коомдогу активдүүлүгүн жана коздукка болгон табитин өнүктүрүү, коом алдында жарандык өсүп жетилүүсүн жана жоопкерчилигин калыптандыруу;
23. Шаардын, университеттин жана факультеттин коомдук, маданий массалык иш чараларына тайпаны активдүү катыштыруу;
24. Шаардын маданий жайларына саякат жасоо: музейлерге, кино, театрларга тайпанын студенттерин алып баруу;

25. Ата-энелер менен педагогикалык кызматташуу (ата-энелер чогулушу, кат алышуу ж.б.), аларга студент жөнүндө чыныгы маалыматтарды билдирип туруу;
26. Тайпадагы студенттердин окуу келишим акысын өз убагында төлөтүү;
27. Университетте уюштурулган ”Атуулдук стипендия", ' Кыргыз Республикасынын Президентинин стипендиясы", ”ОшМУнун окумуштуулар кеңешинин стипендиясы” ж.б.у.с. стипендияльж программалар үчүн уюштурулган конкурстарга студенттерди даярдоо жана активдүү катыштыруу;
28. Ар бир жылдын жыйынтыгы менен уюштурулуучу ”Мыкты студент", ”Мыкты тайпа", ”Мыкты куратор“ ж.б.у.с. студенттер жана студенттик тайпалар арасында уюштурулуучу конкурстарга студенттерди даярдоо, активдуу катыштыруу;
29. Университет тарабынан контракттык төлөмдөн берилүүчүжеңилдик жөнүндөгү жобого ылайык жеңилдик алуучу категорияга кирген студенттердин тиешелүү документтерин университеттик комиссияга сунуштоо.

## 3. Кураторлун укуктары

1. Студенттик тайпанын бардык сабактарына катышууга, зарыл учурларда экзамен менен зачеттерго да катышууга;
2. Студенттик тайпага окуу-усулдук иштерин жакшыртуу сунушу менен кафедраларга кайрылууга;
3. Окутуучулардан өзүнүн тайпасындагы студенттердин окуусу, тарбиясы жөнүндө маалымат алууга жана кээ бир студенттерге окуу процессинде өзгөчө жардам көрсөтүүсүн сунуштоого;
4. Университеттин жатаканаларындагы жашоо-шарттардын, тарбиялык иштердин жакшыртуусу боюнча деканатка, ректоратка маселе көтөрүп чыгууга;
5. Студенттердин окуп-тарбиялануусуна, терең билим алуусуна тиешелуу шарттарды түзүү боюнча деканатка, ректоратка кайрылууга;
6. Студенттерди окуудан четтетүү, которулуу, тикелөө боюнча деканаттын чечим чыгаруусуна катышууга;
7. Куратор өзүнүн алгылыктуу, жаңычыл иш тажырыйбасын башкаларга жайылтуу боюнча факультеттин Окумуштуулар Кеңешинде, университеттин массалык маалымат каражаттарында үгүтөөгө;
8. Тайпадагы студенттерди академиялык, социалдык стипендияларга, сыйлыктарга сунуштоого;
9. Тайпанын активдүү студенттерин факультеттин студенттик өзүн өзү башкаруу структурасына сунуштоого;

10. Студенттерге мүнөздөмө жана журум-турумуна баа берүүгө;
11. Тайпанын чогулуштарында студенттерге эскертүү, сөгүш жарыялоого жана окуу келишимдик акыны төлөбөгөн, академиялык карыздары бар, коомго терс журум-турумдардан арылбаган студенттерди окуудан четтетүү тууралу деканатка сунуш берүүгө.

## 4. Куратордун документтери

Куратордун документтери куратордун портфолиосу катары жасалып, өзүнчө папкада сакталат. Интернет технологияларынын мүмкүнчүлүктөрүн колдонуп, куратор электрондук портфолиону жасап алса да болот.

Куратордун портфолиосунун мазмуну томонкулорду кармап турат:

1. Кыргыз Республикасынын жана ОшМУнун гимни (тексти жана музыкасы);
2. Кыргыз Республикасынын жана ОшМУнун символдору (герб, желеги);
3. ОшМУнун миссиясы;
4. ОшМУдагы студенттик тайпалардын кураторлору жөнүндөгү жобо;
5. Студенттин жүрүм-туруму жөнүндө кодекс (№1 тиркеме);
6. Студенттердин портфолиолору (№2 тиркеме);
7. Тарбиялык иштердин, кураторлук сааттардын пландары (№3,4 тиркеме);
8. Студенттер жөнүндө маалыматтар: аты-жөнү, туулган жылы-күнү, улуту, жарандуулугу, ата-энесинин жашаган жери, телефондору, студенттин жашаган дареги, телефондору;
9. Тайпанын окуу жыл ичинде окуган сабактары, окутуучулары, жадыбалы жөнүндө маалыматтар (№5 тиркеме);
10. Тайпадагы студенттик өзүн-өзү башкаруу курамы жөнүндө маалымат (№6 тиркеме);
11. Ата-энеси жок студенттердин тизмеси (№7 тиркеме);
12. Майып студенттердин тизмеси (№7 тиркеме);
13. Аз камсыз болгон үй бүлөнүн балдарынын тизмеси (№7 тиркеме);
14. Чет өлкөлүк студенттердин тизмеси;
15. Жатаканада жашаган студенттердин тизмеси;
16. Үй-бүлөлүү студенттердин тизмеси;
17. Окуунун мыктыларынын тизмеси;
18. Спортсмен, таланттуу студенттердин тизмеси;
19. Тайпадагы студенттердин окуу программасын өздөштүрүүсү жөнүндө маалымат (ар бир семестрдеги);
20. Тайпадагы студенттердин окуу келишимдик акысын төлөгөндүгү жөнүндө маалымат;

21. Жетишүүсү жана катышуусу начар студенттердин жетишүүсүнө анализ (№8 тиркеме);
22. Кураторлук сааттардын иштелмелери, протоколдору (№9 тиркеме);
23. Кураторлук иштердин отчету (№10 тиркеме).

## 5. Тайпанын өзүн өзү башкаруу структурасы

Тайпада төмөнкү активдер студенттик өзүн өзү башкарууну ишке ашырат. Студенттердин болочок кесибин, жаш өзгөчөлүгүн, студенттердин кызыкчылыктарын эске алуу менен зарылдыкка жараша куратор студенттик тайпанын өзүн өзү башкаруу структурасына өзгөртүүлөрдү, кошумчаларды киргизе алат:

1. **Тайпанын старостасы -** (демократиялык принциптерге ылайык уюштурулган ачык же жабык добуш берүү жолу менен шайланат);
2. **Окуу сектору** - (староста жана студенттер менен биргеликте аныкталып, куратор тарабынан дайындалат) студенттердин сабактарга катышуусун, жетишүүсүн мониторинг жасайт, сабактардын өз деңгээлинде уюштурулушун көзөмөлгө алат. Кураторго, старостага жана предмет боюнча окутуучуларга сунуштарын бере алат;
3. **Илим сектору** — студенттерди илим-изилдоо иштерине активдүү катышуусун пропагандалайт, илим-изилдөө багытындагы долбоорлорго катышууну камсыздайт. Илим жумалыктарына, илимий конференцияларга, семинарларга студенттерди катыштырууну камсыздайт. Илим сектору үчүн жооптуу староста жана студенттер менен биргеликте аныкталып, куратор тарабынан дайындалат.
4. **Маданий-массалык сектор** - тайпадагы студенттер үчүн окуудан сырткаркы иштерге катышуусун камсыздайт, студенттердин өз алдынча өнүгүүсүнө, сабактан тышкары убакытты рационалдуу пайдаланышына дем берет. Маданий-массалык сектор үчүн жооптуу староста жана студенттер менен биргеликте аныкталып, куратор тарабынан дайындалат.
5. **Спорт сектору** — жаштар арасында спортту пропагандалоо, сергек жашоого үндөө, спорттук иш чараларга катыштыруу иштерин жүргүзөт. Спорт сектору үчүн жооптуу староста жана студенттер менен биргеликте аныкталып, куратор тарабынан дайындалат.
6. **Коомчулук менен байланыш сектору** - окуудан сырткаркы программаларга студенттерди катыштыруу, алдыңкы студенттерди коомчулукка тааныштыруу, жайылтуу иштерин жүргүзөт. Спорт сектору үчүн жооптуу староста жана студенттер менен биргеликте аныкталып, куратор тарабынан дайындалат.

## 2. Кураторун иш тартиби

### 2.1. Кураторун биринчи иш күнү:

- тайпанын студенттери менен таанышат,
- факультеттин салтанаттуу жыйынына тайпа менен катышат,
- студенттерди сабак жадыбалы менен тааныштырат,
- сабак берүүчү окутуучулар менен тааныштырат,
- факультеттин имараты, аудиториялар менен тааныштырып чыгат,
- студенттерге университеттин ички тартиптери, окууга жоопкерчиликтүү мамиле жасоо, окуу жабдууларын (компьютер, окуу куралдары ж.б.) туура колдонуу жөнүндө айтып берет.

Куратор окуунун биринчи күнү, студент менен канчалык көп убакыт бирге болсо, бул студенттин университетке тез ыңгайлашуусуна жакшы жардам берет жана алар өздөрүн ишенимдүү сезе баштайт.

### 2.2. Университет, факультет, шаар менен тааныштыруу

Студенттерге факультет, университет (тарыхы традициялары, өзгөчөлүгү, студенттерге коюлуучу талаптар ж.б.) жөнүндө айтуу биринчи күндөн эле башталат. Муну төмөнкүдөй жол аркылуу да тааныштыруу мүмкүн:

- тайпа менен маек куруу жана факультет, университет жөнүндө кандайдыр бир фильм коюп берүү;
- кафедраларга, факультетке жана университеттин башка кызыктуу жерлерине экскурсияга алып чыгуу (ОшМУнун башкы корпусу, борбордук китепкана, эс алуу жайы ж.б.);
- университеттин, факультеттин студенттик өзүн өзү башкаруу курамдары, борборлору, ийримдери, коомдук маданий-массалык иш чаралары, салттуу карoo-сынактары менен тааныштыруу;
- университеттин, факультеттин админстративдик түзүлүштөрү жөнүндө айтып берүү;
- китепканачылар менен жолугушуу (окурмандык билетти толтуруу, окуу залында өзүн кандай алып олтурушту үйрөтүү ж.б.) уюштуруу.

### 2.3. Студенттин журум-туруму жөнүндө кодекс менен тааныштыруу

Тайпадагы ар бир студент ОшМУда кабыл алынган ”Студенттин жүрүм туруму жөнүндөгү кодекс“ деп аталган документ менен тааныш болушу шарт жана ал документте каралган эреже бузууларга жол бербөөгө тийиш. Кодекс менен таанышуу, андагы талаптарды жана эреже бузууларды талдоо,

талкуулоо боюнча атайын куратордук сааттар уюштурулат. Андан сырткары эреже бузуулардын алдын алуу иш чаралары куратор тарабынан үзгүлтүксүз системалуу түрдү жөргүзүлөт. Кодекс тиркемеде тиркелет.

## 2.4. Тайпа активдерин шайлоо

Тайпа активисттери биринчи күндө эмес, сентябрь айы ичинде тандалат. Бул убакытка чейин убактылуу староста иштеп турат. Куратор активисттер эмне иштерди аткарат жана алардын укук, милдеттери туурасында тайпанын көзүнчө тааныштырат. Шайлоону куратор же убактылуу болгон староста куратордун катышуусу менен жүргүзө алат. Шайлоо алдында талапкер жөнүндө маалымат берилип, анын каалоосу менен коюлат. Студент да өз ыраазычылыгы менен шайлоого укуктуу. Ошону менен бирге шайланган студенттин иштеген ишинин жыйынтыгы жыл аягында, өзгөчө шартта каралат. Эгер активисттердин ишмердүүлүгү тайпаны канааттандырбаса, кайра шайлоо жүргүзүлөт.

## 2.5. Куратордук саат

- Куратордук саат жумасына бир жолу өтүлөт. Алгачкы айда жумасына бир нече жолу өтүүгө да болот. Куратордук саатта:
- студенттердин сабактарга катышуусу, жетишүүсү боюнча жумалык жыйынтык чыгаруу, артта калган студенттер менен жекече сүйлөшүү, окуудагы маселелерин чечүүгө жардам берүү;
- тайпадагы күндөлүк маселелерди, көйгөйлөрдү чечүү;
- мезгилдин актуалдуу суроолорун талкуулоо (дүйнөдөгү, өлкөдөгү, университеттеги жаңылктар, буйруктар, эрежелер, жоболор менен тааныштыруу);
- тарбиялык мааниси бар бир тема боюнча талкуу уюштуруу;
- университеттин, факультеттин коомдук иш чараларына тайпанын катышуусун камсыз кылуу жана көзөмөлдөө.

## 2.6. Тайпа менен бирге иш чара уюштуруу

Куратордук сааттан сырткары окутуучулар өз тайпасы менен биргеликте факультетте, университете уюштурулган иш чараларга активдүү : катышуусу керек. Ошондой эле куратор тайпа ичинде, курстар арасында ар кандай иш чараларды уюштурат. Булар:

- Ош шаарынын маданий жайларында: театрда, кинодо, музейде жана көргөзмөлөрдө болуу;
- спорттук мелдештерге катышуу же күйөрман болуу;

- интеллектуалдык оюндарды, дискуссияларды жана талкууларды уюштуруу;
- майрамдарда дубал газета чыгаруу;
- ички тартип эрежелери, студенттик долбоорлор, университет тарабынан өткөрүлүүчү салттуу иш чаралар, ректордун буйруктары менен тааныштыруу иш чараларын уюштуруу;
- социалдык жактан жардамга муктаж (ата-энеси жок, майып) студенттерге жардам алып берүү (айрым категориядагы студенттерге контрактык төлөмдөн жеңилдиктерди берүү боюнча жобо менен тааныштыруу);
- жашоо-жай маселесине (жатакана) көмөктөшүү;
- тайпанын ынтымагын арттыруучу иш-чараларды уюштуруу: жаратылышы кооз жерлерге саякаттоо, туулган күндөрдү белгилөө;
- университеттик, факультеттик, шаар аралык иш чараларга активдүү катышуу (илимий, маданий-массалык, спорттук ж.б.).

### 2.7. Окуу жылынын жыйынтыгы боюнча иш алып баруу

Ар бир семестрдин аягында тайпа менен атайын жыйын уюштурулуп, төмөнкүлөргө токтолот:

- катышуу,
- жетишүү,
- студенттин социалдык активдүүлүгү,
- жылдын аягында тайпа активин кайра шайлоо ж. б.

## КУРАТОРДУК ИШТЕРДИ УЮШТУРУУ ЖАНА ЖҮРГҮЗҮҮДӨ КОЛДОНУЛУУЧУ ДОКУМЕНТТЕР, ҮЛГҮЛӨР

**№1 тиркеме**

**Студенттин жүрүм-туруму жөнүндө кодекс** (Ош мамлекеттик университетинде студенттер үчүн дисциплинардык процедураларды жөнгө салуу, ОшМУ, 2021).

**"Студенттин журум-туруму жөнүндө кодекс"** Ош мамлекеттик университетинде иштелип чыгып, ОшМУнун административдик кеңешинин 2021 -жылдын 24-сентябрындагы №4 отурумунун чечими менен бекитилген.

ОшМУнун ректорунун 13.04.2021. №1177-ФХД/21 "Студенттер үчүн академиялык чынчылдык кодексин жана аны ишке ашыруу үчүн атайын механизмдерди иштеп чыгуу жөнүндөгү" буйругун аткаруу максатында түзүлгөн жумушчу топ тарабынан иштелип чыгарылган.

Түзүүчүлөр: Артыкова Ж., Сапаров А., Алтыбаева М., Арапбаев Р., Муратов Ж., Маматкулов О., Пайзилдаев Т., Орозали уулу Б.

**Мазмуну**

1. Жалпы жоболор
   1.1. Студенттин жүрүм-турум жөнүндө кодекстин, максаттары жана маселелери
   1.2. Кодексте каралган эреже бузуулар жана ага кийлигишүү
   1.3. Колдонуучулар
2. Академиялык эреже бузуулар
   2.1. Академиялык эреже бузууларга тиешелүү түшүнүктөр
   2.1. Академиялык чынчылдык принциптери
3. Окуу процессине байланышпаган эреже бузуулар
   3.1. Жалпы түшүнүктөр
   3.1. Студенттердин жүрүм-турумуна талаптар

Колдонулган булактар

## 1. Жалпы жоболор

### 1.1. Студенттин жүрүм-туруму жөнүндө кодекс, максаттары жана маселелери

- Бул документ Ош мамлекетгик университетинин (мындан ары университет) билим алуучуларынын, тактап айтканда, студенттеринин, чет өлкөлүк студенттеринин, окуучуларынын (мындан ары студент) университетте билим алуу убакыт аралыгындагы жүрүм-турумун жөнгө салып турат. Документ окуу процессине тиешелүү жана тиешелуу эмес кырдаалдар үчүн аныкталган.
- Студенттин туура жүрүм-туруму, сапаттуу билим алуусу аркылуу Университеттин саясатын колдоо менен анын коомдогу беделин андан ары жогорулатууга өз салымын кошуусуна шарт түзүү максатында кабыл алынган;
- Кодекс КРнын ”Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, ОшМУнун уставынын ж.б. нормативдик документгеринин инсандын жүрүм-турумдук, адеп-ахлактык нормаларына, академиялык чынчылдык стандарттарына, адамзат баалулуктарына негизделип жазылган;
- Кодекстин талаптары билим берүү максаттарын ишке ашырууга, инсандык өнүгүүгө, өз ара мамилелешүүгө жагымдуу чөйрө түзүүнө шарттап берет;
- Кодекс студенттин конституциялык укугун, академиялык эркиндигин, сөз эркиндигин чектебейт;
- Кодекс ОшМУнун окутуучуларынын жана студенттеринин жүрүм-турум мамилелеринин моралдык-этикалык ченемдерин, эрежелерин

камтыйт жана билим берүү процессинин катышуучуларынын өз ара мамилелериндеги, конфликттик кырдаалдарды чечүүдөгү иш-аракетгердин негизи боло алат.

- Кодекс ОшМУнун бардык структуралык бөлүктөрүндө бирдей күчкө ээ. Окутуучулар, студенттер, кызматкерлер кодекстеги көрсөтүлгөн жоболорду, эрежелерди, принциптерди сактоону эркин, ыктыярдуу кабыл алышат жана ишке ашырышат.
- Кодекстеги жоболорду, эрежелерди билүү жана сактоо алардын окуу ишмердигинин жана эмгек тартибинин негизги сапатгык көрсөткүчтөрүнүн бири катары бааланып аттестация, сыйлоо, конкурс, сынактык ж.б. иш-чараларда баа берүүнүн критерийлеринин бири болуп эсептелинет.
- Кодекстеги этикалык ченемдерди бузгандарга административдик чара колдонулат же болбосо коомдук пикир аркылуу баа берилет. Студенттик кеңеш, акыйкатчы аппараты, куратор же деканат аркылуу студенттин адепсиз кылык-жоруктары жөнүндө студенттин ата-энелерине билдирилип турат.
- Кодекске өзгөртүү, толуктоолорду киргизүү профсоюздук уюмдун, студенттик кеңештин, омбудсмендин сунуштарын эске алуу менен Студенттик коомчулук менен иштөө боюнча проректор тарабынан (зарылдыкка жараша бир жыл ичинде бир гана жолу) жүргүзүлөт. Окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилет. Зарылдыкка жараша ректордун буйругу менен өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү үчүн жумушчу топ түзүлөт.

### 1.2. Кодексте каралган эреже бузуулар жана ага кийлигишүү

Академиялык эреже бузуулар. Академиялык эреже бузууларга плагиат, документти жасоо, бааны сатып алуу же башка жолдор менен жогорулатуу, окуу тапшырмасын (реферат, доклад, квалификациялык иш, долбоор ж.б.у.с.) башкаларга жасатуу, сатьш алуу, алдоо аркылуу окуу тартибин бузуу ж.б.у.с. аракеттер кирет.

Окутуучулар, администрация (деканат, дирекция, окуу-маалымат департаменти ж.б.) жана акыйкатчы аппараты академиялык эреже бузуулардын болуусун, даражасын аныктайт жана ага ылайык жаза тартууга чара көрүү чечимин чыгарат.

**Окуу процессине байланышпаган эреже бузуулар.** Университет билим берүү программаларында коюлган максаттарга жетүү үчүн окууда, өз алдынча окууда, илим изилдөө жана практикалык иштерин жүргүзүүдө, сабактардан

сырткаркы убактагы студенттин өнүгүүсүнө, жашоосуна шарттарды түзүү менен коопсуз (зордук-зомбулук, алдамчылык, көз боёмочулук, урдоо, тоноо, шылдыңдоо, башкаларды эреже бузууго мажбурлоо, эреже бузууга түртүү, эреже бузууга аргасыз кылуу ж.б.у.с. көрүнүштөрсүз) чөйрөнү уюштурат. Мындай коопсуз чөйрө менен камсыздоо максатында окуу менен байланышпаган дагы эреже бузууларды тыкыр көзөмөлдөөгө жана эреже бузуу аныкталган учурда ага ылайык чара көрүүгө университет милдеттенет.

Окуу процессине байланышпаган эреже бузуулардын болуусун жана анын даражасын куратор, студенттик кеңеш, акыйкатчы аппараты, деканат, дирекция, студенттик коомчулук менен иштөө бөлүмү, тарбиячы, жатакана коменданты ж.б.у.с. тараптар аныктайт жана ага ылайык ата-энесине студенттин тартиби жөнүндө кат жөнөтүү, эскертүү берүү, сөгүш жарыялоо, окуудан четтетүүгө сунуш берүү, жатаканадан чыгарууга сунуш берүү ж.б.у.с. чара керүү чечимин чыгарат.

**Жалпы университеттин корпоративдик маданияты** - университеттин алдыга койгон стратегиялык максаттарына жетүүнү жана миссиясын (Университетгин өнүгүү концепциясы) ишке ашырууну шарттаган баалуулуктар, этикеттер, адаттар, салттар. Университеттик корпоративдик маданият университеттин адам ресурстарын башкаруу, өнүктүрүү менен бирге иштөө жана окуу үчүн жагымдуу чөйрө түзүүнү камсыздайт.

**Университеттин мүлкүн колдонууга карата эрежелер жана университеттин аймагындагы чектөөлөр.** Университет студенттин окуусуна, сабактан сырткаркы өнүгүп-өсүүсүнө, жатаканада жашоосуна, ден соолугуна жагымдуу шарттарды түзүп берүү менен билим берүү программаларын ишке ашырат. Университеттин мүлкүн колдонууга карата, ошондой эле университеттин аймагына тиешелүү киргизилген чектөөлөр жана эрежелер коопсуз жана ыңгайлуу чөйрөдө студенттин окуу максаттарынын толук ишке ашуусун камсыздоого мүмкүнчүлүк түзүп берет. Университеттин мүлкүн пайдаланууга жана университеттин аймагында киргизилген чектөөлөргө карата эреже бузуулардын болуусун, даражасын окутуучу, куратор, студенттик кеңеш, акыйкатчы аппараты, деканат, дирекция, студентгик коомчулук менен иштөө бөлүмү, окуу-маалыматтык департаменти, тарбиячы, жатакана коменданты ж.б.у.с. тараптар аныктайт жана ага ылайык чара көрүү чечимин чыгарат.

### 1.3. Колдонуучулар

Бул документ ОшМУнун студенттери, окутуучулук-профессордук курамы, администрациясы, тейлөө жана техникалык кызматкерлери, ата-энелер, иш берүүчүлөр, эксперттер ж.б. кызыктар тараптар үчүн.

## 2. Академиялык эреже бузуулар

### 2.1. Академиялык эреже бузууларга тиешелүү түшүнүктөр

**Академиялык чынчылдык** — бул студенттин сапаттуу билим алуусу үчүн жетекчиликке алуучу чынчылдыктын принциптери, баалуулуктары.

Университеттин студенттери төмөнкүдөй академияльж эреже бузууларга жол бербеши керек:

**Плагиат** — башкалардын чыгармаларын, илимий жана интеллектуалдык эмгегин шилтеме койбостон көчүрүү.

Плагиатка байланышкан төмөнкү эреже бузуулар бар:

- ✓ Жазуу тапшырмаларын (доклад, реферат, курстук иш, квалификациялык иш, долбоордук иш, эссе, дипломдук иш, эскиз, макет, модель ж.б.у.с.) аткарууда интернеттен, китептерден башкалардын чыгармаларын, илимий жана интеллектуалдык эмгегин көчүрүү. Бул эмгектерден цитаталарды келтирүүдө сөзсүз түрдө авторду жана эмгектин аталышы көрсөтүлүшө керек.
- ✓ Тапшырмаларды аткарууда мисал, маселелердин чыгарылышын жолдошторунан көчүрүп алуу.
- ✓ Башкалардын эмгегин өзүнүкү кылып көрсөтүү.
- ✓ Тапшырмаларды аткарууда интернет сервистерин чынчылдык принциптеринен четтээп пайдалануу. Мисалы математикалык мисалды автоматтык түрдө чыгарып бере турган интернет сервисин колдонуу.

**Бааны (билимди) сатып алуу** бул студенттин өзүнүн билимине шайкеш келбеген баалоону уюштурууну шарттаган актылар.

Бааны (билимди) сатып алуу менен байланышкан эреже бузуулар:

- ✓ Окутуучуга акча же баалуу материалдык буюм берип бааны жогорулатуу, окуу тапшырмаларын аткаруудан бошоо;
- ✓ Адам факторунун (таанышынын, тууганынын, жетекчилердин ж.б.у.с.) таасири аркылуу бааны жогорулатуу, окуу тапшырмаларын аткаруудан бошоо;
- ✓ Кандайдыр бир кызмат көрсөтүү аркылуу бааны жогорулатуу, окуу тапшырмаларын аткаруудан бошоо;
- ✓ Окуу тапшырмаларын (доклад, реферат, курстук иш, квалификациялык иш, дипломдук иш, долбоордук иш, эссе, эскиз, макет, модель, ж.б.у.с.) акы төлөп берип башкаларга жасатуу.

**Алдоо -** бул студенттин жалган айтуу менен окуу процессине катышпоо, тапшырма аткаруудан качуу, бааны жогорулатуу аракеттери.

Алдоо менен байланышкан эреже бузуулар:

- ✓ Сабакка себепсиз келбөө;

- ✓ Шылтоо айтуу, жалган айтуу менен окутуучуну, жолдошторун алдоо аракети;
- ✓ Негизсиз окуу процессине катышпоо;
- ✓ Жалган айтуу менен окуу тапшырмаларын аткарбоо аракети;
- ✓ Жалган айтуу менен аянычтуу көрүнүү аркылуу бааны алуу, бааны жогорулатуу аракети;
- ✓ Башкалардын эмгектерин өзүнүкү кылып көрсөтүү аракети.

## 2.2.Академиялык чынчылдык принциптери

**Студент академиялык чынчыл болуусу үчүн төмөнкү эрежелерди так сактоосу зарыл:**

- ✓ **1-принцип.** *Аткарылган иштин оригиналдуулугу*. Ар бир окуу тапшырмасын өзү аткаруу, башкалардан көчүрбөө, башкаларга көчүртпөө, окуу тапшырмаларын аткарууда колдонулган маалымат булагын көрсөтүү;
- ✓ **2-принцип**. *Алынган билим менен баанын шайкештиги.* Баа менен өзү алган билимдин деңгээлинин тең болушун дайыма көзөмөлдөө зарыл. Коюлган баанын алынган билимден жогору болушу бул академиялык чынчылдыктын бузулгандыгынын негизги белгиси. Студент сапаттуу билим алуусу үчүн баасы менен алган билиминин шайкеш келүүсүн өзү аңдап, ага ылайык туура чечимдерди чыгаруусу зарыл.
- ✓ **3-принцип.** *Окуу процессине карата активдүүлүк позициясы*. Бул принцип сакталышы үчүн студенттер төмөнкүлөрдү аткарышы зарыл:
  - ➢ Студент окуу процессине, окуу тапшырмаларын аткарууга активдүү катышуусу;
  - ➢ Окуу процессинин ийгиликтүү жүрүшү үчүн өз салымын кошуу, кайдыгер болбоо;
  - ➢ Окуу процессинин натыйжалуу болуусуна өз пикирин, сунушун негиздүү билдирүү;
  - ➢ ”Окутуучу студентгин көзү менен” деп аталган анкетирлөө аркылуу окутуучуларга жана окуу процессинин уюштурулушуна объективдүү, негиздүү баа берүү;
  - ➢ 4-принцип. Баалоонун ачык-айкындуулугу. Окуу тапшырмаларын аткарууда, сынактарды тапшырууда студент баалоонун критерийлери жана механизмдери менен алдын ала тааныш болуусу керек.

Бул принциптердин аткарылышы үчүн студент күнүмдүк окуп-үйрөнүү ишмердигинде төмөнкү эрежелерди сактоосу зарыл:

- Сабактарды себепсиз калтырбоо;
- Ар бир тапшырманы өз убагында аткаруу;
- Алдоо жолу менен баа албоо;

- Окуп-үйрөнүү, тапшырмаларды аткаруудан башка жолдор аркылуу бааны жогорулатуу аракетин жасабоо;
- Окуу тапшырмаларын аткарууда, сынактарды тапшырууда баалоонун критерийлерине жана механизмдерине ылайык окуп-үйрөнүү процессин уюштуруу;
- Окуу процессинин натыйжалуу болуусу үчүн ар дайым активдүү болуу;
- Баа алууда билимине гана таянуу.

## 3. Окуу процессине байланышпаган эреже бузуулар

### 3.1.Жалпы түшүнүктөр

**Студент төмөнкү эреже бузууларга жол бербеши керек:**

**Зордук-зомбулук** - бул адамдын эркин чектөө, анын үстүнөн бийлик жүргүзүү жана аны башкаруу максатын көздөгөн системалуу түрдө кайталанып туруучу адам эркине каршы физикалык, психологиялык, экономикалык жана сексуалдык мүнөздөгү таасир этүүчү актылар. Зордук-зомбулукка уруу, коркутуу, шылдыңдоо, мазактоо, эркинен сырткары аракет жасоого мажбурлоо, кемсинтүү, эреже бузууга түртүү, аргасыз кылуу, талап-тоноо, артынан түшүү, такталбаган маалыматтар аркылуу каралоо актылары кирет.

**Алдоо** - бул жалган айтуу, көз боёмочулук кылуу, туура эмес, такталбаган маалыматтарды айтуу, башкаларга таратуу (оозеки, жазуу түрүндө же социалдык тармактар аркылуу) жана ошол аркылуу кимдир бирөөгө зыян келтирүү, аброюна шек келтирүү, каралоо ,башкалардын коомчулуктагы беделин түшүрүү максатында жагымсыз кырдаал жаратуу актылары кирет.

**Туура эмес жүрүм-турум** — адекваттуу адамдын башкаларга зыян келтирген, жагымсыз жана ыңгайсыз кырдаал жараткан, окууга, жашоого, эс алуусуна тоскоолдук кылган ,конфликт жарата турган жүрүм-турумдары.

.**Уурулук** — башкалардын мүлкүн, буюмун, менчигин уруксатсыз өзүнө ыйгаруу, алып алуу аракети.

### 3.2.Студенттердин жүрүм-турумуна талаптар

3.2.1. Студент коомдук жайларда, анын ичинде университетте, окуу кааналарында, китепканада, жатаканада жалпы кабыл алынган коомдук жайда жүрүүнүн жүрүм-турум эрежелерин сакташы керек.

3.2.2. Студенттер университеттин уставын, ички-тартип эрежелерин ж.б. локалдык актыларын сакташат.

3.2.3. Окууга өз убагында келүүсү, себепсиз сабактарды калтырбоосу, сабакты калтыргандыгын өз убагында старостага, кураторго же деканатка билдирүүсү анын милдети катары эсептелинет.

3.2.4. Студент өзүнүн билим берүү процесстери жана коомдук-маданий иш-чаралары боюнча оюн, көз карашын, ишенимин, сын-

пикирлерин эркин билдире алат. Ал үчүн эч кимден куугунтукка кабылбайт.

3.2.5. Студенттин окуу жайдагы негизги документи болуп студенттик билет эсептелинет.

3.2.6. Эгерде окуу корпусуна кирүүдө же чыгууда кезек болуп калса студентгер жашы улууларды, агайларды, эжекелерди, ал эми эркектер аял затын алдыга коё берет.

3.2.7. Окуу жайында бардык улуттун, диндин жана башка өлкөлөрдүн өкүлдөрү билим алууга жана коомдук-маданий иштерге катышууда бирдей укукта. Динине, улутуна, жашаган жерине карата бөлүүгө жана кемсинтүүгө жол берилбейт.

3.2.8. Сабак убагында бири-бири менен сүйлөшүп, башкаларга жолтоо болуу, чөнтөк телефону менен сүйлөшүү, уруксатсыз эшикке чыгып кетүү этиканын ченемдерине жатпайт жана мындай көрүнүштөргө жол берилбейт. Сабактарда чөнтөк телефону өчүрүлөт же үнсүз режимге коюлат.

3.2.9. Окутуучу сабакка киргенде студентгер аны менен ордунан туруп саламдашышат.

3.2.10. Окутуучулар, кызматкерлер жана студенттер ез ара бири бири менен сый-урматтгагы мамилени сакташат.

3.2.11. Окутуучунун, кызматкердин же студенттин кийген кийимине, журум-турумуна эл алдында сын-пикирди айтуу этикага туура келбейт (мүмкүн болсо өзүнө айтуусу керек).

3.2.12. Окуу жайга спорттук кийим менен келүүгө (спорттук форманы дене тарбия сабагында кийишет), шорта, сланцы, ачык кийимдерди (сарафан, майка, лосины ж.б.) кийүүгө, жүзү жабык кийинүүгө, ашыкча гримдер жана жасалгалар менен келүүгө болбойт.

3.2.13. Окуу жайда сакал-мурутун ашыкча өстүрүп жүрүүгө болбойт.

3.2.14. Атайын көрсөтүлгөн жерде гана тамеки тартууга уруксат берилет. Мас абалда сабакка келүүгө, сабак убагында сагыз чайноого, уктаганга, окуу максатынан тышкары гезит окуганга, окуу максатынан тышкары интернет, социалдык тармактарды колдонгонго, телефон менен сүйлөшүүгө ж.б. жол берилбейт.

3.2.15. Коомдук мүлктү жана айлана-чөйрөнүн, аудиториянын тазалыгын сактоо кызматкерлердин жана студенттердин милдети катары эсептелинет. Какырынып түкүрүүгө, таштандыларды көрсүтүлбөгөн жерлерде таштоого ж.б. жагымсыз көрүнүштөргө жол берилбейт.

3.2.16. Университеттин студенттери катышкан жоолугушуу, аңгемелешүү, тегерек стол, дебат, диспут, эксперт менен жолугушуу ж.б.у.с. иш

чаралар тиешелүү структуранын жетекчисинин расмий билдирүүсү аркылуу Студенник коомчулук менен иштөө боюнча проректордун макулдугу, ректордун уруксаты менен гана өткөрүлөт. Иш чаранын мазмуну, программасы жана катышуучуларынын тизмеси тиешелүү структуранын жетекчилигинин жана Студентгик коомчулук менен иштөө боюнча проректордун макулдуктары, ректордун уруксаты менен аныкталат.

## Колдонулган ресурстар


1. А.Батыралиев, Н.Шадиев ”ОшМУнун окутуучуларынын, кызматкерлеринин жана студенттеринин этикалык кодекси” — Ош 2017.
2. Кыргыз Республикасынын ” Билим берүү жөнүндөгү” Мыйзамы — Б. 2003.
3. Кыргыз Республикасынын ”Мугалимдин статусу жөнүндөгү” Мыйзамы - Б. 2001.
4. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси — Б. 2013.
5. ”Педагогикалык билим берүү” багыты боюнча жогорку кесиптик билим берүүнүн стандарты (Бакалавр) — Б., 2014.
6. Ош мамлекеттик университетинин уставы — Ош 2016.
7. Высшая школа // Под.ред. Е.И.Войленко. В 2-х.ч. —М. 1978.
8. Ош мамлекеттик университетинин окутуучуларынын, кызматкерлеринин жана студенттеринин этикалык кодекси — ОшМУ, 2017.
9. Развитие информационной культуры и самостоятельной культуры познавательной деятельности в среде Интернет. Томаков М.В., Курочкин В.А., Коренева А.В. В книге: Методы обучения и организация учебного процесса в вузе Сборник тезисов докладов II Всероссийской научно-методической конференции. 201 1.
10. Образовательные и воспитательные задачи информационно-образовательной среды вуза. Томаков М.В., Томаков В.И., Курочкин В. А., Коренева А.В. В сборнике. Современные инструментальные системы, информационные технологии и инновации материалы VIII Международной научно-технической конференции: в 2 частях. Ответственный редактор: Е.И. Яцун. 2011г.

## №2 тиркеме
## Студенттердин портфолиосу

Студенттин портфолиосу төмөнкү максаттарга жетүү жана маселелерди чечүү үчүн түзүлөт:

- Студенттердин өзүнө өзү окуу ишмердигине туура баа берүүсүн уюштуруу;
- Сабактан сырткаркы убактысын рационалдуу пайдалануусуна жетиштирүү;
- Кесипке багыт алуу иштерине активдүү катышуусун уюштуруу;
- Жолдошторунун арасында атаандаштык маанай менен өсүп-өнүгүүсүнө дем берүү;
- Жеке ийгиликтерин жаратууга шыктандыруу;
- Өз алдынча өнүгүүсүн туура пландаштырууга жетиштирүү;
- Студентгер үчүн уюштурулган конкурстарга, сынактарга портфолиосун даярдап жүрүү;

Студент портфолиосунун мазмунун төмөнкү пункттарга ылайык топтоштурса болот:

- Кыскача өмүр баяны (резюмеси);
- Окуу жетишкендиктерин тастыктаган маалымат (окуу жетишкендиктеринин транскрипти);
- Илимий-изилдөө иштеринин жыйынтыктарын жарыялаган басылмалардын, көркөм-публицистикалык макалалары жарыяланган мезгилдүү басылмалардын беттеринин көчүрмөлөрү;
- Жетишкендиктери үчүн алынган сыйлыктарынын, дипломдорунун, мактоо баракчаларынын, грамоталарынын, сертификаттарынын көчүрмөлөрү;
- Кошумча билимин өркүндөтүү иштерине катышкандыгын тастыктаган сертификаттар, дипломдор, тастыктамалар;
- Коомдук, маданий-массалык, волонтердук иш чараларга катышкандыгын тастыктаган документтердин көчүрмөлөрү;
- Ж.б.у.с. жеке ийгиликтерин, жетишкендиктерин тастыктоочу документгердин көчүрмөлөрү;
- Катышкан иш чаралардын интернет булактарындагы шилтемеси;
- Социалдык баракчадагы аккаунтуна шилтемелер.

Студент портфолиосун толтуруп, аны кураторуна тапшырат. Портфолио өз учурунда студент тарабынан толукталып турат. Интернет технологияларын колдонуп, мугалим студенттин электрондук портфолиолорун жасоону уюштуруп алса да болот.

**№3 Тиркеме**

**Куратордук сааттарды тематикалык пландаштыруу**

Бул документ 2023-2024-окуу жылы ичинде ОшМУнун бардык академиялык тайпаларында өткөрүлүүчү куратордук сааттардын мазмунун аныктап турат. Ар бир ай үчүн төрт тема сунушталган. Ай ичиндеги калган куратордук сааттардын темасын, максаттарын, милдеттерин жана иштөө формасын аныктоо куратордун тандоосуна берилет. Куратордук сааттардын өтүлгөндүгү жөнүндө маалымат тайпалык журналга жана электрондук журналга өтүлгөн темаларды жазуу, студенттердин катышуусун белгилөө менен фиксирленет.

| № | Өтүлүү мөөнөтү | Куратордук сааттар үчүн сунушталуучу темалар | Максаты жана милдеттери | Иштин формасы |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Сентябрь ичи | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| 2 | Октябрь ичи | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| 3 | Ноябрь ичи | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| 4 | Декабрь ичи | | | |
| | | | | |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| 5 | Февраль ичи | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| 6 | Март ичи | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| 7 | Апрель ичи | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| 8 | Май ичи | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

**№4 Тиркеме**

**Тайпадагы студенттерге жүргүзүлүүчү тарбиялык иштердин планы.**

Эскертүү: Тарбиялык иштердин планы университет тарабынан сунушталган кураторлук саатгардын тематикалык планына ылайык, тайпадагы студенттик өзүн өзү башкаруу структурасын эске алуу менен пландаштырылат.

| | |
|---|---|
| «БЕКИТЕМИН» | «МАКУЛДАШЫЛДЫ» |
| ___________________________ | ___________________________ |
| факультетинин деканы | кафедрасынын башчысы |
| ___________________________ | ___________________________ |
| ___________________________ | ___________________________ |
| “_____”______________, 2023-ж. | “_____”______________, 2023-ж. |

Тайпадагы студенттерге жүргүзүлүүчү тарбиялык иштердин планы
______семестр

| Жумалар | Аткарылуучу иш чаралар |
|---|---|
| | Сентябрь айы үчүн |
| 1-жумасы | |
| 2-жумасы | |
| 3-жумасы | |
| 4-жумасы | |
| | Октябрь айы үчүн |
| 1-жумасы | |
| 2-жумасы | |
| 3-жумасы | |
| 4-жумасы | |
| | *ж.б. айларды ушул тартипте жайгаштырасыз* |

Түзгөн __________ ________________________________________
(колу) (куратордун аты-жөнү)

## №5 Тиркеме
## Тайпанын окуу жыл ичинде окуган сабактары, окутуучулары, жадыбалы жөнүндө маалымат

1-семестр

| № | Предметтер | Окутуучунун аты жөнү | Телефон номери |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| ... | ...... | ...... | |

2-семестр

| № | Предметтер | Окутуучунун аты жөнү | Телефон номери |
|---|---|---|---|
| 1 | | | |
| 2 | | | |
| 3 | | | |
| ... | ...... | ...... | |

**Тайпанын сабактарынын жадыбалы**
**кышкы-семестр**

| № | Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | | | | | | |
| II | | | | | | |
| III | | | | | | |
| IV | | | | | | |
| V | | | | | | |
| VI | | | | | | |
| VII | | | | | | |

**жайкы-семестр**

| № | Дүйшөмбү | Шейшемби | Шаршемби | Бейшемби | Жума | Ишемби |
|---|---|---|---|---|---|---|
| I | | | | | | |
| II | | | | | | |
| III | | | | | | |
| IV | | | | | | |
| V | | | | | | |
| VI | | | | | | |
| VII | | | | | | |

## №6 Тиркеме
## Тайпадагы студенттик өзүн-өзү башкаруу курамы жөнүндө маалымат

| Башкаруу түзүмүнүн аталышы | Жооптуу студенттин аты-жөнү | Байланыш номерлери | Электрондук почтасы | Кызматтык милдеттери |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

## №7 Тиркеме
## Тайпадагы студенттердин социалдык абалы

Ата-энеси жок студенттер

| № | Студенттин аты-жөнү | Ата-энеси жок | Атасы жок | Апасы жок |
|---|---|---|---|---|
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |
| | | | | |

**Мүмкүнчүлүгү чектелген студенттер**

| № | Студенттин аты-жөну | Канчанчы топтогу майып |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

**Көп балалуу үй-бүлөдөгү студенттер**

| № | Студенттин аты-жөнү | Канча бир тууган |
|---|---|---|
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |
| | | |

## №8 Тиркеме
## Семестрди жыйынтыктоочу сынактарды начар тапшырган студенттер жөнүндө

| № | Сессияны начар баага тапшырган студенттер | Предметтин аты | Алган баасы | Көйгөйдүн себептери | Чечүү жолдору |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |
| | | | | | |

**№9 Тиркеме**

**Куратордук сааттын иштелмеси**

1. Өтүлгөн убактысы: ___________________
2. Катышкандардын саны: _______________
3. Катышпаган студенттер: ______________
4. Апта ичиндеги дүйнөлүк, өлкөдөгү жаңылыктар (алдын ала тапшырма берилген студенттердин билдирүүлөрү, докладдары, презентациялары);
5. Куратордун мамлекеттеги, университеттеги, факультеттеги иштери жөнүндө расмий маалыматтары;
6. Студенттердин сабактарга катышуусу жана окуу-жетишкендиктерине анализ.

| № | Сабактарга жетишүүсү начар студенттер | Предметтин аты | Алган баасы |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

| № | Сабактарга келбеген студенттер | Канча саат сабак калтырган | Себептери |
|---|---|---|---|
| | | | |
| | | | |

1. Тарбиялык сааттын темасы боюнча студенттин же жооптуунун презентациясы/ доклады / билдирүүсү.
2. Тарбиялык сабактын жүрүшүнө баян.
3. Корутунду.

**№10 тиркеме**

**Куратордун отчету**

Семестрдин аягында семестрдин жыйынтыгы боюнча куратор отчет түзүп, аны декандын тарбия иштери боюнча орун басарына тапшырат жана кафедранын жыйынында оозеки түрүндө отчет берет.

Куратордун аты-жөнү ____________________________________

Факультети ______________ курсу _____ тайпасы ____________

| № | Критерийлер | Көрсөткүчтөр, натыйжалар |
|---|---|---|
| **I. Тайпа жөнүндө жалпы маалымат** | | |
| 1. | Тайпанын окуу жыл башындагы саны | |
| | Жыл ичинде (семестрде) окуудан чыгарылгандар | |
| 2. | Тайпага социалдык мүнөздөмө (айылдык, шаардык, аз камсыз болгон үй-бүлө, ж.б.) | |
| 3. | Окуу жыл ичинде (семестрде) өткөрүлгөн куратордук сааттардын, чогулуштардын мазмуну, темалары | |
| **II. Студенттердин сабакка жетишүүсү** | | |
| 1. | Студенттер окуу жыл ичинде (семестрде) окуган сабактардын аттары, модулдардын жыйынтыктары | |
| 2. | Сессияны ийгиликтүү тапшырган студенттердин саны | |
| | - «эң жакшы» | |
| | - «жакшы» жана «эң жакшы» | |
| | - башка баалар | |
| | Сессиядан карызы барлардын саны | |
| **III. Студенттердин илимий изилдөө иштери** | | |
| 1. | Илимий изилдөө иштери менен конференцияларга, конкурстарга, олимпиадаларга катышкан студенттердин саны: | |
| | - ЖОЖдун ичинде | |
| | - Шаар ичинде | |
| | - Шаарлар аралык | |
| | - Республика лык | |
| | - Эл аралык • | |
| 2. | Илим изилдөөчү топторго, секцияларга, ийримдерге катышкан студенттердин саны | |
| 3. | Ар турдуу илимий иш чаралардын жыйынтыгында грамота, диплом, сертификат жана башка сыйлыктарды, байгелүү орундарды утуп алган студенттердин саны | |

| | | |
|---|---|---|
| **IV. Тайпанын маданий-массалык иш-чараларга катышуусу** | | |
| 1. | Иш чараларга катышкан студенттердин саны: | |
| | – КВН | |
| | – «ОшМУ жазы» фестивали | |
| | – Алгачкы конгуроо | |
| | – «ОшМУ мырзасы» | |
| | – «ОшМУ периси» | |
| | – «ОшМУнун идеалдуу түгөйү» | |
| | – «ОшМУнун стилдуу студенти» | |
| | – Отличниктер слету | |
| | – «Көгүлтүр от» ректордук балы | |
| | – Башка факультеттик иш чараларды<br>– атагыла | |
| 2. | Чыгармачыл топторго, кружокторго катышкан студенттердин саны | |
| 3. | Маданий-массалык иш чараларга катышуунун жыйынтыгында грамота, диплом жана атайын сыйлыктар менен сыйланган студенттердин саны | |
| **V. Тайпанын спорттук мелдештерге катышуусу** | | |
| 1. | Спорттук мелдештерге катышкан студенттердин саны | |
| | – факультет ичинде | |
| | – факультеттер аралык | |
| | – Облуста, шаарда | |
| | – Республика боюнча | |
| 2. | Тайпада спорт менен машыккан студенттердин саны | |
| | – Спорттук секцияда | |
| | – Спорттук клубдарда | |
| 3. | Спорттук мелдештерден сыйлык алган студенттердин саны | |
| **VI. Медициналык жыйынтыктардын көрсөтмөсү** | | |
| 1. | Медициналык : | |
| | – Медициналык кароолор | |
| | – профилактикалык эмдөөлөр | |
| | – флюорографиядан өткөндөр | |
| | – майыптар, оорукчандар | |

| VII. Башка иш чаралар | | |
|---|---|---|
| 1. | Тайпанын студенттик активин тузуу (старостаны шайлоо ж.б.) | |
| 2. | Ата-энелер менен иштешүү | |
| 3. | Майрамдык даталарды белгило | |
| 4. | Иш пландын аткарылышы:<br>– Студенттерге жүргүзүлгөн тарбиялык иштерге талдоо жасоо: өткөрүлгөн иш чаралар, аңгемелешүүлөр, кураторduk сааттар кандай жыйынтык берди.<br>– Ата-энелер менен иштөө өз жыйынтыгын бердиби ж.б. | |

*Отчётту текст, таблица, графика түрүндө берүүгө болот.*

Колдонулган ресурстар:


1. КРнын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы;
2. ОшМУнун Уставы;
3. Божонов З. “Куратордук журнал”, Ош мамлекеттик университетинин тарбия департаменти, Ош, 2015;
4. Артыкова Ж., Саттаров А., Алтыбаева М., Арапбаев Р., Муратов Ж., Маматкулов О., Пайзилдаев Т., Орозали уулу Б. “Студенттин жүрүм-туруму жөнүндөгү кодекс”, Ош мамлекеттик университети, Ош, 2021.